**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**Кемин райондук билим берүү бөлүмү**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
**Кеминский районный отдел образования**

Орозбаева ... ... ...

**БУЙРУК**

**ПРИКАЗ**

15.09. 2017- ж. №165 Кемин ш.
г. Кемин

"Кемин районундагы мектеп китепканаларынын окуу фондусунун ишин уюштуруу жана колдонуу жөнүндө"

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 12-сентябрындагы № 03- 6/5257 Усулдук-нускоочу каты боюнча иштерди аткаруу үчүн

БУЙРУК КЫЛАМ:

1. Бардык мектептин директорлору жана китепканачылары Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин 2017-жылдын 12-сентябрындагы № 03- 6/5257 Усулдук-нускоочу каты менен тааныштырылсын.
(ББжИМнин тиркемеси тиркелет)

2. Кут билим газетасынын 8-сентябрындагы Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлиги тарабынан 2017-2018-окуу жылына карата сунуш кылынган окуу китептеринин тизмеси менен тааныштырылсын.

3. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кемин райондук билим берүү бөлүмүнүн башкы методисти А.С. Насиповага жүктөлсүн.

Бөлүм башчы З.С.Алиева

көрдүм
18.09.17.

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигинин
*Катына I-тиркеме*
2017-ж. "12" сентябрь №01-1/5..

**Усулдук-нускама кат**

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин китепканаларынын окуу китептери фондун уюштуруу жана пайдалануу жөнүндө

I. *Мектептердин сунушталган окуу китептеринин Тизмесин пайдалануусу*

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын 35, 45-беренесин, Кыргыз Республикасынын "Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесин жана Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө" Мыйзамынын 21-беренесин аткаруу максатында жалпы билим берүүчү мектептер, уюштуруучулук-укуктук формасына карабастан мектептик китепканалардын окуу китептер фондун уюштурууну жана пайдаланууну, балдардын билим алуусуна коопсуз шарттарды түзүүнү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык балдарга социалдык колдоо көрсөтүүнү камсыз кылууга милдеттүү.

Предметтик стандарттарды жана окуу планын ишке ашырууну камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 21-августундагы № 1108/1 буйругу менен 2017-2018-окуу жылында окутуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептер пайдаланууга сунушталган окуу китептеринин Тизмеси бекитилген.

Жетекчилерге, мугалимдерге жана китепканалардын кызматкерлерине окутуу-тарбиялоо иштерин жүргүзүү процессинде жогоруда көрсөтүлгөн окуу китептердин Тизмесин кармоо сунушталат.

Маалыматтын кеңири жеткиликтүү болуусун камсыздоо максатында окуу китептеринин Тизмеси Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жана "Кутбилим" гезитинин сайттарында, ошондой эле "Кутбилим" гезитинин 2017-жылдын 8-сентябрындагы № 32-басылмасында жайгаштырылган.

II. *Окуучуларды окуу китептери менен камсыз кылууну уюштуруу*

2017-2018-окуу жылында мектептердин жетекчилери окуучуларды сунушталган окуу китептеринин Тизмесине ылайык мектептик

китепканалардын окуу китептер фондунда болгон окуу китептери менен толук камсыз кылуу боюнча чараларды көрүүсү зарыл.

Ошол эле учурда мектептердин жетекчилери биринчи кезекте, турмуштук оор кырдаалга туш болгон жана социалдык жактан колдоого муктаж үй-бүлөлөрдөгү балдардын тизмесин түзүүсү зарыл.

Ар бир жалпы билим берүүчү мектепте мектеп курагындагы балдарды августтук каттоонун жыйынтыгы боюнча окуу китептери менен биринчи кезекте камсыз кылынуучу окуучулардын тизмеси түзүлөт.

Аталган маселе Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө" Мыйзамынын 21-беренесине ылайык, компетенттүү органдар тарабынан берилген документтердин негизинде мектептин педагогикалык кеңеши тарабынан каралат.

Биринчи кезекте окуу китептери менен камсыздалуучу окуучулардын тизмеси жалпы билим берүүчү мектептин буйругу менен бекитилет.

Жалпы билим берүүчү мектептердин жетекчилери окуучулардын тизмесин түзүүдө төмөнкү балдардын категориясын эске алуусу зарыл:

- жетим балдар, ата-энесинин камкордугусуз калган балдар;
- ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар;
- социалдык жөлөкпул алган, аз камсыздалган үй-бүлөлөрдөгү балдар;
- ата-энесинин бири же экөө тең I, II же III топтогу майып үй-бүлөлөрдөгү балдар;
- аскер кызматкерлери, укук коргоо органдарынын кызматкерлери, каза болгондордун же аскердик же кызматтык парзын аткарууда майып болуп калган үй-бүлөлөрдүн балдары;
- көп балалуу үй-бүлөлөр (беш же андан көп бала);
- мектептен алыс жашаган балдар (бул жерде айыл жергесинин өзгөчөлүгүн эска алуу маанилүү, чабандардын балдары ж.б.).

III. *Электрондук окуу китептерин пайдаланууну уюштуруу*

2017-2018-окуу жылында ар бир жалпы билим берүүчү мектепке (www.lib.kg) репозиторийинде электрондук түрдө окуу китептердин жана усулдук колдонмолордун электрондук түрү жеткиликтүү болот.

Жогоруда көрсөтүлгөн сайттын (www.lib.kg) "Электрондук окуу китептер жана окуу материалдар" бөлүмүндө 460дан ашык файл жайгаштырылган. Мектептердин жетекчилерине жана мугалимдерине сабак учурунда жана сабактан тышкары убакта апробациялоо жана пайдалануу үчүн электрондук окуу китептеринин электрондук түрү сунушталат.

IV. *Санитардык эрежелерди жана нормаларды сактоо*

Кыргыз Республикасынын "Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө" Мыйзамын аткаруу, ошондой эле коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүү

максатында министрлик Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген санитардык эрежелерди жана нормаларды сактоону сунуштайт.

Ушуга байланыштуу жалпы билим берүүчү уюмдардын жетекчилерине жыл сайын мектептин китепканаларынан мазмуну жагынан эскирген адабияттарды ирээттеп, тандап жана аларды эсептен чыгаруу боюнча иш жүргүзүү жоопкерчилиги жүктөлөт.

Эскилиги жеткен (бузулган) басылмалар *(окуу китептери, көркөм адабияттар жана басылмалар)* жылына бир жолу эсептен чыгарылат. Басылмаларды эсептен чыгаруу үчүн негиз катары төмөнкү документтер эсептелет: комиссиянын актылары жана мектептин буйруктары. Комиссиянын иш алып баруу тартиби жана анын курамы мектептин жетекчиси тарабынан бекитилет.

Бекитилген тизмелери менен актылар келип түшкөн жана бекитилген үлгүнүн картотекасындагы инвентардык китептер жана окуу китептердин тизмесинен көркөм адабияттарды чыгаруу үчүн негиз болуп саналат.

Мектептердин жетекчилери жана китепканалардын кызматкерлери китепканалык фонддон мазмуну жагынан эскирген жана эскилиги жеткен көркөм адабияттарды тандоону жүргүзүүдө окуу китебинин абалын жана анын программага ылайык келүүсүн эске алуусу зарыл.

Мектептердин жетекчилери окуу китептер фондунан мазмуну жагынан жана (же) эскилиги жеткендигине (бузулган) байланыштуу эсептен чыгарылган окуу китептерин окуучуларга пайдаланууга берүүгө катуу тыюу салынаарын эске алуусу зарыл.